«Айла жок»

Сөзү: Борбиев Бек

Обону: Борбиев Бек

Кайырма:

Айла жок, айла жок,

Армандан пайда жок.

Ошондогу биздин сүйүүдөй сезим,

Жерде эмес, айда жок.

Убакыт өтөт тез,

Унутпайм аны сез,

Жашы күн, жакшы мүнөттөр,

Өтүптүр жаштык кез.

Жанаша жүрчү элек, жаным,

Жарашып күлчү элек, жаным.

Кайырма:

Айла жок, айла жок,

Армандан пайда жок.

Азыр биз башка, кез башка,

А бирок, а бирок…

Арга жок, арга жок,

Армандан пайда жок.

Ошондогу биздин сүйүүдөй сезим,

Жерде эмес, айда жок.

Жоготтум акыл-эс,

Таппадым сендей эч.

Баарысын кайра баштоого,

Билебиз азыр кеч.

Бир элек дайым үнүбүз,

Күнүбүз да, түнүбүз.

Кайырма:

Айла жок, айла жок,

Армандан пайда жок.

Азыр биз башка, кез башка,

А бирок, а бирок…

Арга жок, арга жок,

Армандан пайда жок.

Ошондогу биздин сүйүүдөй сезим,

Жерде эмес, айда жок.

Дайрадай агылсак деле,

Тагдырга жалынсак деле…

Кайырма:

Айла жок, айла жок,

Армандан пайда жок.

Азыр биз башка, кез башка,

А бирок, а бирок…

Арга жок, арга жок,

Армандан пайда жок.

Ошондогу биздин сүйүүдөй сезим,

Жерде эмес, айда жок.